Кош жүрөк

Сөзү: Байзаков Түмөнбай Байзакович

Обону: Искеналиев Съездбек Искеналиевич

Жүрөгүмдүн жарыгын,
Бир таарыныч бузабы?
Ынтымактын жалынын,
Ыксыз ушак сызабы?
Сезимдеги жылуулук,
Сөзгө келбей тоңобу?
Сүйүүдөгү сулуулук,
Өз колумдан соолуду.
Кайырма:
Ширелишкен кош жүрөк,
Шарт бөлүнүп кетеби?
Биригишкен кош тилек,
Бири-биринен кечеби?
Элесиңди мен таппай,
Жер бетине мен батпай.
Көздөгөнгө мен жетпей,
Кол кармашып мен кетпей.
Сезимдеги жылуулук,
Сөзгө келбей тоңобу?
Сүйүүдөгү сулуулук,
Өз колумдан соолуду.
Кайырма: